УДК 930.85 (575.2)

**Таш Динмухамед**
И.Арабаева атындагы КМУнун Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү факультетинин магистранты
**Таш Динмухамед**
Магистрант Факультета истории и социально-правового образования КГУ им. И.Арабаева
**Tash Dinmukhamed**
Masters student of the Faculty of History and Social and Legal Education of KSU named after I. Arabaev

# ТҮШТҮК КЫРГЫЗСТАНДАГЫ КИЛЕМ ТОКУУЧУЛУКТАГЫ САЛТТУУ ОЙМО-ЧИЙМЕЛЕР

# ТРАДИЦИОННОЕ ТКАНИЕ КОВРОВ НА ЮЖНОМ КЫРГЫЗСТАНЕ

# TRADITIONAL CARPET WEAVING IN SOUTHERN KYRGYZSTAN

**Аннотация**: Макалада Түштүк Кыргызстандагы килем токуучулуктагы салттуу оймо-чиймелер, аларды пайдалануу иликтенген.

**Аннотация:** В статье исследована использования орнаментов в традиционном ковроделии Южного Кыргызстана.

**Annotation:** The article examines the use of ornaments in traditional carpet making in Southern Kyrgyzstan.

**Өзөктүү сөздөр:** Кыргызстан, кыргыз, түштүк, оймо-чийме, килем, орнамент, салттуу, көчөт, килем токуу, композиция, борбордук, эл.

**Ключевые слова:** Кыргызстан, кыргыз, юг, орнамент, ковер, ковроделие, традиционный, главный орнамент, композиция, центральный, народ.

**Keywords:** Kyrgyzstan, kyrgyz, south, ornament, carpet, carpet making, traditional, main ornament, composition, central, people.

Борбордук Азияда жашаган элдердин кол өнөрчүлүгүнө арналган XX кылымдын башындагы эмгектерде, түктүү килем токуучулук жөнүндө көп маалыматтар бар. Бул XIX к. аягы XX кылымдын башында Орто Азия килемдерине кызыгуунун кеңейиши менен түшүндүрүлөт.

Ушул мезгилде кыргыз килеми дагы билгилүү боло баштаган.

Килем токуучулукту изилдөөгө байланыштуу чечилбеген маселелер көп. Элдик кол өнөрчүлүктүн бир түрү катары өтө баалуу нерсе экендигин кароо менен илимпоздор аны изилдөөдө 2 аспектини белгилешет: килем тарыхый эстелик, адамдардын тарыхын изилдөөдө булак катары, анын мүнөзү, башка коңшу элдер менен байланышы жана килем андан ары өнүгүүгө тенденциясы бар элдик искусствонун бир түрү катары.

Түктүү килем токуучулук азыркы мезгилде Ош аймагында жашаган кыргыздарда байыркы мезгилден бери эле белгилүү. Жалал – Абад аймагында болсо Фергана өрөөнүнө жакын жердеги кыргыздар жасашкан.[1.] Андан сырткары Кыргызстан тышкаркы Тажикстандын Мургаб, Жерге–Тал райондорунда; Өзбекстандын Андижан, Наманган жана Фергана областтарында жана КЭРнын Синьйзян–Уйгур райондорунда жашаган кыргыз уруулары да түктүү килем токуу менен тааныш болушкан. Кыргызстандын башка

аймактарында түктүү килемдерди жасашкан эмес [8, 78 б.].

Кыргыз килемдери үчүн четки рамканын жана борбордук бөлүктүн болуусу мүнөздүү. Узун жана туурасындагы четки рамкалардын орнаменттериндеги айырма токуу техникасына байланыштуу конфигурациясында гана кичине айырмачылыктар бар экендиги менен айырмалант. Килемдин четинин түзүлүшү 2 же 3 ар кандай кеңдиктеги тилкеден туруп, алар ар кандай оймо – чиймелер менен коoздолот. Килемдин четиндеги оймо – чиймелер борбордук бөлүктөгүлөрдөн кескин айырмаланып тургандыгы менен өзгөчөлөнөт. Килемдин четки тилкелери жасалган буюмга өзгөчө көрк берип туруусу өзгөчө маанилүү. Ошентсе да, негизинен килемдин борбордук бөлүгү өзгөчө болуу менен жалпы буюмдун образын берүүгө тийиш болгон. Борбордук бөлүктүн түзүлүшүндө орнаменталдык мотивдердин жайгаштырылышында оймо – чиймелер туура кайталанып туруусу негизги талап болуп эсептелинет. Килем Кавказдагы элдердикиндей ар түрдүү мүнөздөгү өзгөчөлөнгөн оймо – чиймелер менен коoздолгон эмес. Килемдеги көчөттөрдүн окшоштугу же анын 2 же 3 жолу кайталануусу кыргыз килемине өзгөчө көрүнүштү берет. Килемдин борбордук бөлүгүн коoздоодо бир нече типтеги композициялар пайдаланылган [8, 78 б.].

1. Килемдин борбордук бөлүгү эки, үч, алты, он узун бөлүккө бөлүнгөн, алар орнаменттер менен жасалгаланган. Анын эки варианты бар:

- бөлүктөрдөгү фондордун өңү алмашылып турат, ошого жараша оймо – чиймелердин түстөрү да алмашылып турат.
- оймо – чиймелердин гана өңү алмашылат да, фондуку бирдей бойдон калат. Ичке килемче катары кичинекей дүкөндө токулуп, 2 же 3 катар тигилип бириктирилген жана композицияда бөлүктөрдүн бар болуусун, В. Г. Мошкова [1. 82 б.] килемдердин байыркы мезгилдеги формасы катары божомолдогон.

Орнаменттер ар түрдүү болуп, алар тегерекчелер, ар түрдүү формадагы төрт бурчтуктар турган. Кыдырша уруусунун байыркы мезгилдеги килемдеринде табиятта кездешүүчү түркүн гүлдөрдүн жана жалбырактардын формасын түшүрүү өзгөчө бааланган.

2. Килемдин борбордук бөлүгүндө бир түстөгү бөлүктө түз жана кайчылаш түшүрүлгөн оймо-чиймелердин өңү бир түстө болуп, андан сырткары ага көчөттөр бирдей жайгаштырылган. Алардын оймо – чиймелери кичинекей тегерек гүлдөрдөн, төрт бурчтуктардан ж.б. формалардан турган. Килемдин мындай түзүлүштөгү көрүнүшүн килем токуучу чеберлер «чатышма» деп аташкан.

3. Четинен сырткары килемдин бүт бардык бөлүгү төрт жана тик бурчтуктарга бөлүнөт. (2-4 чейин туурасынан жана 4-8 чейин тигинен), алар бири – биринен оймо – чиймеленген бөлүктөр менен бөлүнгөн. Төрт жана тик бурчтуктар узунунан өңүнө жана оймо – чиймесине карата жайланышкан. Түшүрүлгөн төрт бурчтуктар көк же кызыл фондун негизинде оймо – чиймелер менен коoздолгон. Мындай өзгөчөлүктөр менен жасалган килемдер негизинен Ош областынын батыш райондорунда көп кездешкен.

4. Килемдин борбордук бөлүгү крестин бири – бирине кийилгендей токулуусу менен коoздолгон. Ар бир крестин ичи оймо – чиймелер менен толукталат. Крестин четтеринин жана анын ичиндеги оймо – чиймелердин түсү бирдей болот. Бул композицияда демейде 2 типтеги узорлор болуп, алар каракалпак көчөт жана машаты деп аталат. Алардын ар биринин көптөгөн вариациялары кездешкен.

5. Килемдин борбордук бөлүгү алты же сегиз үч бурчтуктар менен карапа тактайдын түзүлүшүндөгүдөй болуп коoздолгон. Ар бир көп бурчтук оймо – чиймелер менен толтурулган. Көп бурчтуктардын ортосу бош кээде оймо – чиймелер менен коoздолгон. Мындай килемдер негизинен Ош областынын батыш райондорунда, өзгөчө Лейлек

районунда көп жайылган. Мындай композицияларды «калкан» же «кол» деп аташкан.

6. Килемдин борбордук бөлүгүнө карай үзүк сызыктар өткөн. Бул үзүктөр төрт бурчтуктардын жана ромбдордун бүтүшүндөгүдөй алар бир түрдүү оймо – чиймелер менен коздолгон. Башка бош бөлүктөр ошол узорлор менен же андан башка формадагы оймо-чиймелер менен толтурулган. Бул композицияны жасоо өтө татаал, ал «кукава» деп аталат. Мындай типте жасалган килемдер негизинен батыш райондордо көп. Ушундай эле жасалгаланган килемдер Андижан областында да көп кездешет [1. 89-90 б.]. Кыргыз уз-чеберлери тарабынан жасалган килем буюмдарындагы «машаты» көчөтүндө да ушундай типтеги оймо – чиймелердин басымдуу болуусу мүнөздүү. Кыргыз килеминде мындай мотивдер негизинен кресттерди, ромбдорду же төрт бурчтуктарды кооздоодо колдонулган. «Машаты» килем көчөтү көбүнесе орнаменталдуу бөлүкчөлөрдү кооздоо стилине окшош, алар канаттуларды элестеткен фигуралар менен да толукталган.

7. Килемдин борбордук бөлүгү горизонталь боюнча эки – үч ири көчөттөн туруп, алар көп бурчтук, төрт бурчтук, ромб же тик бурчтуу формада болот. Ал эми бош жерлери болсо «кара калпак» көчөтүндөгүдөй оймо – чиймелер менен толукталган. Кыргыз килемчилери мындай композицияны «ашкана көчөт» деп аташкан. Мындай көчөттөр негизинен Баткен жана Лейлек райондорунда басымдуулук кылат. Ушундай типтеги килемдерди базарга сатуу үчүн көп санда даярдашкан.

8. Килемдин борбордук бөлүгүндө бир типтүү ири узорлор түшүрүлөт. Алар өз ичинен «мүйүздүн» ар кандай варианттарын көрсөтөт. Мындай типтеги килемдердин көчөттөрү кыргыздар үчүн мүнөздүү, ошондуктан алар Түштүк Кыргызстандын бардык аймактарда кездешет.

9. Бул типтеги килемдерге килем токуу чеберлери коңшулаш Өзбекстандын жибек кездемелериндеги оймо-чиймелердин негизинде мотивдерди түзүү менен, аларды өзгөчө оймо – чиймелер катарында түшүрүшкөн. Мындай оймо – чиймелер негизинен Ош областынын батыш райондорунда көп кездешет.

Майда килем буюмдарындагы жана «тегиргичтеги» оймо – чиймелердин жайлануусу да кээ бир өзгөчөлүктөргө ээ, алардын ар биринин өзүнчө айырмачылыктары бар. «Чавадан» килем куржунун оймо – чиймелери да кээ бир өзгөчөлүктөрдөн турган:

1. Килемдин бети 3-4 бурчтукка бөлүнөт, алар бири – биринен туурасынан бөлүнгөн. Алар өз кезегинде бир типтеги оймо – чиймелер менен кооздолот;

2. Килемдин борбордук бөлүгү 3-4 медалгон сыяктуу жасалгаланып туурасынан бөлүнбөй туруп жайланышат;

3. «Кунава» көчөтүн жасоодогу композиция колдонулат;

4. «Чавадандын» ортоңку бөлүгү крест сыяктуу кичинекей төрт бурчтуктар менен толтурулуп, алар өз учурунда крестик түрүндөгү оймо – чиймелер менен кооздолот.

Килемден жасалган кап, баштык, ат куржун атайын токулуп, алардын негизинен көчмөнчүлүк мүнөздүү жактары менен айырмаланган, алардын бурчтарын жасоодо негизинен үч бурчтук сыяктуу жана тигиштүү үч бурчтук сыяктуу оймо – чиймелер пайдаланылган. Мындай жасалгалоо негизинен Чыгыш Туркестан килемчилигинде колдонулган. Килемдин жасалган «аяк койчу», «кош жабык», «баштык» булардын да өзгөчөлүктөрү бар: негизинен мындай буюмдардын четинде эки же үч четки жасалгасы болот. Алардын бирөөсү берки экөөнүнө караганда кененирээк болуп, оймо – чиймелер менен кооздолот.

Боз үйдүн «эшик тышын» жасоонун да өзүнчө өзгөчөлүктөрү бар. Мындай буюм негизинен ичкиликтерде көп кездешет. Лейлек районундагы кесектерде эшик тыштар

негизинен ак жана кызыл түстө болуп, илмек сымал оймо – чиймелер менен кооздолгон.

Ал эми Баткен районунда эшик жапкычтар өзүнүн өзгөчөлүктөрү болуп, аларда негизинен майда көп тепкич сыяктуу көп бурчтуктуу болуп, көп бурчтуктун борборунда сегиз бурчтуу жылдызча же крест оймо – чиймелер менен кооздолгон.

«Тегиргич» тибиндеги килемдерди кооздоонун өзгөчө белгилери бар. Көп кездеше турган композициялардын бири болу пулам жаңы оймо – чиймелердин бири – бирин улашы, алардын ортосун атайын башка менен же четиндегидей бөлүктөр менен бөлүнөт. Анын экинчи варианты эки же үч бирин – бири кайталоочу мотивдердин – чынжыр сыяктуу биригиши. Килем бетинде бир эле узордун дайыма кайталанып турушу килемчиликтеги орнаменталдык мотивдердин жайланышын эң жөнөкөй вариант болуп эсептелинет. Бир чети күрөң түстөгү оймо менен кооздолот, «багдажай» оюу мотивин кайталайт.

Кыргыз килемдериндеги орнаменттер өтө көп түрдүү жана өзүнүн татаал формасы менен айырмаланган.

Кыргыз килеминдеги көптөгөн орнаменталдык мотивдеринин жана Орто Азия, Казакстан, Кавказ, Синьцзян килем буюмдарынын орнаменттеринин көп окшоштуктарынын бардыгы, алардын тээ байыркы мезгилден жалпылыгы бир экендигин далилдейт. Кыргыздар колдонуучу кээ бир оймо – чиймелер аябай тактыгы менен айырмаланат. Чындыгында алар конкреттүү бир буюмду кайталайт. Жеке өздүк кол өнөрчүлүктө көп жолу өзгөртүүлөрдүн натыйжасында, убакыттын өтүүсү менен орнаменттердин формасы өтө өзгөргөн. Килем чеберлеринин айтуусуна караганда алар өздөрү колдонушкан орнамент апаларынан, эски килемдерден же кездемелерден алышкандыгын эскеришет.

Түштүк кыргыздардын килем токуучулугунда мурдагы көчмөн – малчыларга тиешелүү оймо – чиймелердин сакталып калгандыгын, алардагы азыркы мезгилдеги килем орнаменттеринен көрсөк болот. Алардын оймо – чиймелеринде айбанаттар жана өсүмдүктөр дүйнөсүнө тиешелүү мотивдер; кездемелердин сүрөтү, чарба буюмдарынын, башка элдердин искусствосунан алынган оймо – чиймелер, асмандагы жылдыздардын элестеринин жана башка биздин турмушубузга жакын нерселерди өздөрүнүн кол өнөрчүлүлүгүндө орнаментик композицияларында колдонушкан.

Жогоруда айтылгандардын ичинен – жаныбарлар дүйнөсүнө тиешелүү оймо – чиймелер негизинен көп кездешет. Алардын ичинен эң эле көп кездешкени «кочкорок» (же «кайкалак»). Бул оймо – чийме килем токуу ишмерелери тарабынан бардык килемдерде колдонулат, ал эми байыркы мезгилге тиешелүү килемдерде негизги орнамент болуп эсептелинген. Килемчилер бул оймо – чиймени ар кандай мааниде татаалдаштырып колдоно беришкен.

Килемчиликте ошондой эле «кекилик кош» оймо – чиймеси да кеңии колдонулган. Бул оймо – чийме көп кырдуу медальон сыяктуу болуп борборунда геометриялык фигуралар формасында үч бурчтук жана квадраттай, ал эми сыртында болсо илмек сыяктуу оймо – чийме менен кооздолгон.

Жогорудагы айтылгандардан сырткары көп колдонулуучу орнаменттердин бири ар кандай канаттулардын жана жаныбарлардын таманын элестеткен оймо – чиймелер: «ит таман», «мышык таман», «тайлак таман», «жолборс таман». Бул орнаментти көпчүлүк килемчилер «тогуз дөбө» деп аташат.

«Ит таман» жана «мышык таман» негизинен килемдин четин жасоодо колдонулат, ал эми «тайлак таман» жана «жолборс таман» килемдин борбордук бөлүгүндө пайдаланылат, борбордук бөлүктө бир түстөгү бөлүкчө катары түшүрүлөт.

Килемдин оймо – чиймелеринин ичинен жаныбарлар дүйнөсүнө тиешелүү

«кабырга», «омуртка», «бармак» жөнүндө айтсак болот. Бул оймо – чиймелер негизинен четин кооздоодо колдонулат, алардын пайда болуусу да ар кандай. «Кабырга» көчөтү негизинен кытай орнаментикасында кеңири кездешкендиктен, бул оюм кытайлыктардан тараса керек деген божомолдоолор бар.

«Омуртка» жана «бармак» көчөттөрү негизинен кыргыздарга тиешелүү. «Омуртка» негизинен кездемелерде, саймаларда көп кездешет, ал эми «бармак» болсо шырдактарды жасоодо негизги орнамент болуп эсептелинет. Орто Азияда жана андан сырткары аймактарда да «түрк бадыраңы деген көчөт көп таркалган. Кыргыз килем чеберлери аны «бото моюн» же «кыңыр моюн» деп аташат. Өзбекстандык кыргыздар жасаган андижан килемдеринде аны «бадам» же «калемпир» деп аташат. Кызылга түшүрүлгөн кара так, же башка кара так, же башка бири – бирине түшүрүлгөн так, кыргыз килемчилигинде «кой көз» деп аталат.

Жаныбарлар стилине мүнөздүү «чаян куйрук» жана «көпөлөк канат» көчөттөрү да кезедшет. «Чаян куйрук» өзбек элдик искусствосуна жакын, бул көчөт андижан килемдеринде көп колдонулат.

Көпөлөктөрдүн элесин көчөт катары түшүрүү кытай орнаментикасына тиешелүү, кыргыз килеминде азыраак четин коздоодо гана колдонулат.

Өсүмдүктөр менен байланыштуу коймо-чиймелер өтө көп кездешет. Алардын ичинен эң эле көп кездешкени «тогуз дөбө» көчөтү. Ош областынын батыш райондорунда ушуга окшош сегиз писта (мисте) көчөтү көп кездешет, бул көчөт өзбек килемчелеринен алынган деп айтууга толук негиз бар.

«Кырк шак» көчөтү «терме» кездемелерин жасоодо кеңири таралган. Бул көчөт килемчиликте да кездешет, ар кандай өзгөрүүлөргө учурап, колдонулат. Алардын аталыштары «толук кырк шак» жана «кырк шак карты». Килемдин четин кооздоодо «шак» көчөтү толкун сызык сыяктуу болуп, шак сымал бири – бирин улайт.

Кыргыз килемчилери ошондой эле «кытай шак» деген көчөттү да колдонушат, анын негизинен Чыгыш Түркестандагы кыргыз уруулары пайдаланышкан.

Алма көчөт, алма гүл, өнөр көчөт да негизинен Чыгыш Түркестандагы килемчиликте кеңири таралган. Кыргыз килемдеринде «алма көчөт» шактуу бак сыяктуу болуп, анын учтары тегерекчелер менен аяктайт. Бул көчөттү «кытай көчөт» деп да аташат.

«Анар көчөткө» А.Фалькерзам көп көңүл бурган, изилдөөчү бул көчөттү Кашкардык кыргыздарга мүнөздүү деп билдирген. Ош кыргыздарында бул көчөт көп кездешкен эмес, анын мурда көп колдонулганын айтышкан.

«Жийде гүл» жана «так барки» деген килем көчөттөрү да кездешет.

Жибек кездемелериндеги оймо – чиймелерин колдонуу да бул чөлкөмдө кеңири таралган. XIX к. Орто Азияда негизги көчөттөр ушундан алынган. Мисалга алсак: «пашайы көчөт», «кымкап көчөт». Бул көчөттөр ошол мезгилдеги батыш райондорундагы жасалган килемдерде көп кезедешет, тилеке каршы кийинки мезгилдерде көп колдонулбай калган.

Бири – бирине бириктирилген төрт «С» көчөтүнүн эки аталышы бар: чыт көчөт же орус көчөт. Бул көчөт негизинен кытай парчасында көп кездешет, кытай символикасында бакыттын белгиси катары кеңири белгилүү. Кээ бир килемчилердин айтуусуна караганда бул көчөт Россиядан алынып келинген чыттан түшүрүлүп алынган. Россиядан алынып келинген кездемелерде кытай жана чыгыш мотивдери көп кездешкен.

Майда килемдерди жасоодо куракты жасоонун техникасындагыдай көчөттөр да кездешет.

Кыргыз килемдеринде кара – калпак көчөт, кытай көчөт, калмак көчөттөрдүн

болушу, бул элдер менен түздөн – түз мурдатан байланыш бар экендигин көрсөтөт. Кара калпак көчөтүндө крест сыяктуу формаларды колдонуу мүнөздүү. Көчөт крест сыяктуу болуп, раманын ичине жайланышат. Бул көчөт оштук кыргыздарда килемдин борбордук бөлүгүн, куржундарды жасоодо, чий токуучулукта өтө көп кездешкен көчөттөрдөн болуп эсептелинет. Ошондуктан кээ бир аймактарда бул көчөт «ашкана көчөт» деп айтышат. Баткен районунда жашаган кыпчак уруулары азыр да ушул көчөттү көбүнесе колдонушат.

Жогоруда айтылган «кытай көчөтү» деген аталышты кыргыз килем уздары анар көчөт, алма көчөтү деп аташат. Андан сырткары кытай көчөтү менен бир катар көчөт комплекстери да байланыштуу. Алардын арасында: геометриялык сызыктар, меандр, ар кандай гүлдөрдүн кээ бир элементтери бар.

Лейлек, Баткен, Кадамжай райондорундагы килемдердин орнаменттери кытай орнаменттери менен окшоштуктары көп.

Килем чеберлери «кыдырша көчөт» деп атаган орнаментик группа өзгөчө бөлүнүп турат. Алардын көпчүлүгү азыр колдонулбайт. Аталган көчөт мурда кыдырша урууcундагы уз чеберлер тарабынан жасаган килемдеринин негизги көчөттөрү болуп эсептелинген.

Кыргыз килемчелери кээ көчөттөргө чарбалык буюмдарга жана көчмөн турак – жай – боз үйгө байланыштуу аталыштарды беришкен.

Мындай көчөттөр негизинен четин кооздоодо колдонулат.

«Казан кулак көчөтү» аябай көп таркалган «тумарча» көчөтү менен окшоштуктары көп. «Патнос көчөт» деген аталыш болсо орустардын поднос деген сөзүнө байланыштуу болуш керек. Кээ бир килемчилер аны тегерек көчөт же чөмүч баш деп аташкан.

Ушул көчөттөргө «пакта көчөт» дегенди киргизсек болот, бул негизинен четин жасалгалоодо колдонулган.

Чайдош (чайник) көчөтү өзгөчө жана кызыктуу [2. 20 б.]. Бул көчөт негизинен адамдын фигурасына окшошуп кетет. Сырткы түзүлүшү боюнча көчөт чайнике (темир чайнике да, форфор чайнике да) эч жери окшошпойт. Мындай көчөттөр 1 – типтеги килемдерде, буюм салган баштыктарда жана боз үйдүн керегесин кооздоодо колдонулган. Бул көчөт байыркы мезгилдерде пайда болгон. «Чайдөш» көчөтүнүн аталышын кыргыз килемчилери өзбекстандыктардын майда цехтеринде жасалган кездемелеринин орнаменттерине да беришкен.

Килемдин четин жасоодо бир жактуу узун линиялары бар ромбду элестеткен кереге баш, көчөтү көп жолугат.

«Калит» көчөтү Чыгыш Түркестан килемдери менен түздөн – түз байланыштары бар, бул да негизинен четин жасалгалоодо колдонулат.

«Ала – мончок» аталышын бири – бири менен контрасттуу алмашылып турган түстөгү көчөттөргө беришкен. Мындай көчөт негизинен килемдин четин жасоодо, кээ бир учурларда медальенду жасоодо колдонулат. «Ай», «ай куска» жана «жылдыз» деген аттагы көчөттөр да кездешет: Жылдыз көчөт болсо сегиз бурчтуу жылдызчанын формасын элестет. Мындай көчөттөр килемдин бош жерлерин толуктоочу орнаменттер болуп эсептелинет. Килемдеги геометриялык сызыктар, бардык килемдердегидей кыргыз килем орнаментикасында, аныктоочу ойду берип турат.

«Короо», «коргон» - көчөттүр жөнүндө маалыматтар бар. Бул көчөттөр негизинен тосмонун, рамкалардын формаларын элестетет.

Ошондой эле зиг – загды элестеткен көчөт сызыктары бар: алардын аталыштары кыйгач жана сейрек. Бул көчөттөр көбүнесе «илмекти элестеткен фигуралар менен коштолуп, колдонулат.

Килемдеги геометриялык сызыктар, бардык килемдердегидей кыргыз килем орнаментикасында, аныктоочу ойду берип турат.

«Короо», «коргон» - көчөттүр жөнүндө маалыматтар бар. Бул көчөттөр негизинен тосмонун, рамкалардын формаларын элестетет.

Ошондой эле зиг – загды элестеткен көчөт сызыктары бар: алардын аталыштары кыйгач жана сейрек. Бул көчөттөр көбүнесе «илмекти элестеткен фигуралар менен коштолуп, колдонулат.

**Колдонулган адабияттар**


1. Абрамзон С. М. Творчество Кыргызского народа. Сб. СЭ 1940, т. III с. 77-88
2. Абрамзон С. М. Очерки культуры кыргызского народа. Фрунзе изд. Кир. ФАН СССР. 1946. С. 123.
3. Абрамзон С. М. Кыргызский национальный узор. СЭ 1950 г. №1.
4. Абрамзон С. М. Кыргызы и их этногенетические и историко-культурные связи. Л., Наука, 1972 г. С. 403.
5. С.М.Абрамзон. Советская этнография. Фрунзе. 1946.
6. Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. Фрунзе: Кыргызстан, 1990. 480 с.
7. М. Андреев.Орнамент горных таджиков и кыргызов Памира. Ташкент. 1928.
8. Антипина К.И. Особенности материальной культуры и прикладного искусства южных кыргызов, Фрунзе., изд. АН, 1962 г. С. 288.
9. Антипина К.И. Народные традиции в современной материальной культуре и прикладном искусстве Киргизии. М., Изд-во Наука. 1964, С.10.
10. Бернштам А. Н. Архитектурные памятники Кыргызстана. М., 1950., С. 237.
11. Боголюбов А. А. Ковровые изделия Средней Азии. Выпуск 1-2 СПб.,
12. Боголюбов А.А. Ковровые изделия Средней Азии из собрания, составленного А.А. Боголюбовым // Экспедиция заготовления госбумаг. 1908. Вып. 1-2. 66 с. 8.
13. Бурковский А. С. К вопросу обработки животноводческого сырья у кыргызов. Ученые записки Кырженпединститута. 1957., С. 64.
14. Веймарн Б. В. Искусство Средней Азии. М-Л,. 1940 г.
15. Дудин С. М. Кыргызский орнамент. Сб. «Восток» Л., 1925 г. кН. 5.
16. Дудин С. М. Ковровые изделия Средней Азии. Сб. МАЗ, т. 7, Л., 1928 г.
17. Иванов С. В. Кыргызский орнамент как этногенетический источник Труды КАЭЭ. Т. 3. Фрунзе 1959 г.
18. Иванов С. В. Махова Е. И. Декоротивно-прикладное искусство кыргызского народа. М. К, 1960 г.
19. С. Дудин. Кыргызский орнамент. Л. 1925.
20. Ларина Е.И. Ворсовый ковер как этнографический источник: на материале народов Российской империи конца XIX – начала XX вв.: Дисс. …канд. истор. наук. Москва, 2000. 289 с.
21. Машкова В. Г. Ковры народов Средней Азии конца XIX – нач XX вв. Ташкент, «Издательство ФАН», 1970, С. 255.
22. Махова Е. И. Материальная культура Кыргызов как источник изучения их этногенеза. Труды КАЭЭ. Т.3. 1959 г.
23. Миллер А. А. Ковровые изделия Востока. Л., 1924 г.
24. Рындин М. В. Кыргызский узор. Труды Кырг. ФАН СССР. Т. 1. Вып. 1, 1948 г.

25. Рындин М. В. Кыргызский национальный узор. Л., - Фрунзе., 1948 г. С.37
26. Симаков Н. Е. Искусство Средней Азии. Сборник Среднеазиатской орнаментации. СПб., 1883 г. С.12.
27. Фалькерзам А, Старинные ковры Средней Азии. Старые годы., 1914 г., 89 с.
28. Чепелев В. В. Кыргызское народное изобразительное искусство., М., 1939 г. № 5.
29. Уметалиева Д. Т. Киргизский ворсовый ковер. Фрунзе., 1968 г.

**Рецензент: т.и.к., доцент Капалбаев О.Э.**